***Кыргыз Республикасынын***
***Улуттук статистика комитети***

***Экспресс- маалымат***
2017-ж. 9-август

## 2017-жылдын январь-июль айларындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | **Иш жүзүндө** | **2017 январь-июль 2016[1] январь-июлуна карата пайыз менен[1]** | **Маалымдама: 2016[1] январь-июль 2015 январь-июлуна карата пайыз менен** |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 239868,3 | 106,9 | 98,0 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 214249,8 | 103,6 | 101,3 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 124667,9 | 132,9[2] | 84,5[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 70077,7 | 122,3[2] | 99,0[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 9451,5 | 193,7[2] | 132,4[2] |
| Иштетүү өндүрүштөрү | 93284,1 | 131,5[2] | 80,7[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 20898,7 | 113,1[2] | 89,3[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1033,5 | 104,2[2] | 106,3[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 82153,6 | 100,8 | 101,4 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар | 53373,0 | 104,2 | 105,4 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 50867,7 | 105,4 | 106,2 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-июль 2016[1] январь-июлуна карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-июль 2015 январь-июлуна карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 211296,2 | 103,9 | 105,6 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 115854,3 | 104,8 | 105,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 9469,3 | 107,1 | 106,3 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмү, миң тонна | 16616,6 | 101,7 | 103,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун, млн. адам | 390,7 | 103,4 | 103,4 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 385,5 | 101,9 | 76,2 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 12978,6 | 74,5 | 95,5 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 102,8 | 100,8 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 101,8 | | |
| - 2016-ж. июлуна карата | 103,6 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 62,3 | 109,3 | 101,0 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14691 | 106,0 | 111,6 |
| Тышкы соода жүргүзүү[4] | 2799,3 | 112,9 | 91,6 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 1088,0 | 112,2 | 81,6 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 804,6 | 130,1 | 86,8 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 275,6 | 129,6 | 130,6 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 1994,7 | 107,2 | 93,3 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 812,4 | 107,3 | 73,8 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-июль. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-июль (алдын ала маалыматтар боюнча).

# 2017-жылдын январь-июль айларындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн жогорулашы металл кендерин казуунун (4,8 эсеге), негизги металлдарды чыгаруунун (45,3 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүүнүн (18,6 пайызга), тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн (15,8 пайызга), башка металл эмес минералдык продуктуларын (11,2 пайызга), тазартылган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн (42,1 пайызга), кийим өндүрүүнүн (27,8 пайызга) ошондой эле электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (13,1 пайызга) өсүшү менен камсыздалды.

Ошону менен бирге химиялык продукцияларды өндүрүүдө өткөн жылдын тиешелүү мезгилинин деңгээлинен (2,3 пайызга) артта калуу байкалды.

**Айыл чарбасы.** 2017-ж. январь-июль айларында айыл чарба дүң продукциясынын өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү негизинен мал чарбасынын продукциясынын өсүшүнөн келип чыкты.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү пайдалуу кендерди казып алуу объекттерин, иштетүүчү өндүрүштүн объекттерин курууда, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодо (жабдууда), суу менен камсыздоодо, таштандыларды тазалоо жана кайрадан иштетүүдө, транспорттук иштерде жана жүктөрдү сактоодо, мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүндө, маалымат жана байланыш, саламаттыкты сактоодо, ошондой эле, турак жай курулушунда байкалды.

Ошону менен бирге негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн төмөндөшү айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун, дүң жана чекене соода, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу объекттерин курууда жана башка тейлөө ишмердүүлүгүндө ошондой эле билим берүүдө байкалды.

Ички булактардын эсебинен түшкөн инвестициялардын көлөмү 1,2 пайызга, ал эми сырткы булактардан түшкөнү 13,7 пайызга өстү.

Инвестициялардын негизги көлөмү (жалпы инвестициялардын көлөмүнөн 80,3 пайызы) пайдалуу кендерди казуудагы, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодогу, транспорт ишинин, мейманкалардын, ресторандардын жана турак жай тармагындагы объектилерин курууга багытталган.

**Соода.** Дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоонун жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн көбөйүүсү дүң (4,5 пайызга) жана чекене сооданын (4,8 пайызга) көлөмүнүн өсүүсү менен камсыздалды.

**Баалар жана тарифтер**. Үстүбүздөгү жылы биринчи жолу июль айында өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын бир пайызга төмөндөшү - дефляция белгиленген. Ү.ж июль айында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары 2,3 пайызга, азык түлүк эмес товарларынын – 0,1 пайызга жана алкаголдук ичимдиктеринин– 0,1 пайызга төмөндөшү байкалган. Муну менен бирге калкка кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери 0,6 пайызга, тамекиге 0,5 пайызга жогорулаган.

Ү.ж июль айында өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин төмөндөшү Ош ш. (алардын бир аз жогорулашы байкалган) башка республиканын бардык аймактарында белгиленген.

Ушул жылдын башынан баштап инфляциянын деңгээли республика боюнча керектөө секторунда 1,8 пайызды түздү. Муну менен бирге ү.ж июль айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу тамекинин - 15,2 пайызга, кызмат көрсөтүүлөрдүн - 4,4 пайызга, тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын – 2,7 пайызга баалары жана тарифтери өскөн. Январь-июль айларында азык түлүк эмес товарларына болгон баалар 0,7 пайызга төмөндөгөн, алкоголдук суусундуктарга – 4,0 пайызга.

Ү.ж. башынан баштап керектөө бааларынын жана тарифтеринин эң көп өсүшү (4,8 пайызга) Ош облусунда белгиленген, ошол эле учурда алардын эң эле орточо жогорулашы Бишкек шаарында (0,7 пайызга) байкалган.

**Тышкы экономикалык иштер.** 2016-ж. январь-июну менен салыштырганда 2017-ж. январь-июнунда экспорттун көлөмүнүн өсүшү кургатылган жемиштерди 2,8 эсеге, айнекти 2,7 эсеге, эркектердин трикотаждык кийимдерин 1,8 эсеге, монетардык эмес алтынды 40,7 пайызга, кымбат баалуу металлдардын кендерин жана концентраттарын 31,0 пайызга жеткирип берүүнүн жогорулашы менен камсыздалды.

Импорттук түшүүлөрдүн жогорулашы фармацевтикалык продукцияларды алып келүү 30,0 пайызга, ун кондитердик азыктарын 49,2 пайызга, жасалма жиптерден жасалган кездемелерди 5,4 эсеге, башка трикотаж кийимдерин 28,5 пайызга, болоттон жасалган зымдарды жана кабельдерди 2,3 эсеге, байланыш аппаратурасын жана анын бөлүктөрүн 30,1 пайызга жогорулашы менен шартталды.

Ошол эле учурда күн карама майын алып келүү 30,5 пайызга, аялдардын текстиль кийимдерин 54,5 пайызга, жол жана курулуш техникасын 49,7 пайызга, кагаздан жана картондон жасалган таралар 27,0 пайызга, косметикалык каражаттарды 36,3 пайызга төмөндөдү.

2017-ж. январь-июнунда *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү* 1088,0 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-ж. январь-июнуна салыштырганда 12,2 пайызга жогорулады. Мында экспорт – 29,6 пайызга, импорт – 7,3 пайызга жогорулады.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада эң көп үлүш Россияга (50,8 пайыз) жана Казакстанга (49,2 пайыз) туура келди.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен эркектердин трикотаждык кийимдерин (1,7 эсеге), кургатылган жемиштерди (3,1 эсеге), пиязды жана сарымсакты (6,5 эсеге), сабизди (2,7 эсеге) чыгаруу көбөйдү. Ошол эле учурда 64 пайызга кургатылган буурчак жемиштерин чыгаруу азайды.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен үй канаттууларынын этин 4,2 эсеге, кондитердик азыктарды жана кумшекерди 2,1 эсеге, жыгач материалдарын -4,8 эсеге, муздаткычтарды жана тондургучтарды 1,6 пайызга, обойлорду жана ага окшош дубалга төшөлмөлөрдү 14,8 пайызга киргизүү көбөйдү. Ошол эле учурда дары-дармек каражаттарын 6,0 пайызга, күн карама майын 36,5 пайызга, консервацияланган жемиштерди жана жаңгактарды 57,6 пайызга, боекторду жана лактарды 49,7 пайызга киргизүү төмөндөдү.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен айнекти 2,8 эсеге, эркектердин жана трикотаждык кийимдерин 2,2 эсеге, минералдык жана газдалган сууларды 1,5 эсеге, балмуздакты 16,3 пайызга алып чыгуу көбөйдү.

Казакстандан алынып келген товарлардын ичинен кондитердик азыктарды 2,3 эсеге, күн карама майын 6,0 пайызга, күрүчтү 3,5 эсеге, аялдар жана балдар үчүн гигиеналык каражаттарды 1,9 эсеге алып кирүүнүн көлөмү өстү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## "Кумтөр" кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## "Кумтөр" кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын биринчи орун басары** **А.Т. Оросбаев**